**М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык
илимий - изилдөө университети**

**Кыргызстан Эл аралык университети**

Диссертациялык кеңеш Д 08.24.697

Кол жазма укугунда
**УДК: 338.486 (575.2) (043.3)**

**Асанова Кымбат Туратбековна**

# Бишкек шаарындагы мейманкана бизнесин башкарууну жакшыртуу

08.00.05 – тармактык экономика

экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**Авторефераты**

**Бишкек - 2024**

Диссертациялык иш К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин экономикалык программа жана башкаруу кафедрасында аткарылган.

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчи:** | **Атышов Кобогон Атышович,** экономика илимдеринин доктору, М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илимий - изилдөө университетинин профессору, Бишкек шаары |
| **Расмий оппоненттер:** | **Дербишева Элмира Дупеновна,** экономика илимдеринин доктору, доцент, И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин колледжинин директору, Бишкек шаары |
| | **Саякова Сонунбубу Шакильевна,** экономика илимдеринин кандидаты, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кадрларды кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу институтунун доценти, Бишкек шаары |
| **Жетектөөчү уюм:** | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Ж. Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясынын экономика жана башкаруу кафедрасы, дареги: 720040, Бишкек шаары, Панфилова көчөсү 237 |

Диссертациялык ишти коргоо 2025 жылдын 24 – январында, саат 11.00 дө М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илимий - изилдөө университетине жана Кыргызстан Эл аралык университетинине караштуу Д 08.24.697 диссертациялык кеңешинин отурумунда өтөт. Дареги: 720033, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Тоголок Молдо көчөсү, 58.

Диссертациянын видеоконференциясына кирүү үчүн шилтеме: https://vc.vak.kg/b/082-s27-wxr-tw8

Диссертациялык иш менен М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илим-изилдөө университетинин (720033, Бишкек ш., Тоголок Молдо көчөсү 58) жана Кыргызстан Эл аралык университетинин (720001, Бишкек ш., Чуй просп., 255) китепканаларынан жана ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын сайтынан таанышууга болот https://stepen.vak.kg/diss_sovety/d-08-24-697/

Автореферат 2024 жылдын 24 - декабрында таратылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
экономика илимдеринин
кандидаты, доцент — Байтерекова Г.С.

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөө темасынын актуалдуулугу.** Туризм индустриясы учурда экономиканын эң тез өнүккөн секторлорунун катарында орун алып, дүйнөлүк экономиканын 10,4% түзсө, жер шарынын ар он кишинин бири бул индустрияда эмгектенет. Ал эми мейманкана бизнеси, туризмден түшкөн кирешенин 68%ын жана туризм тармагындагы бардык жумуш орундарынын 65%ын камтып, ар туристтин каражатынын жана убактысынын 30%дан ашууну мейманканаларга жумшалат.

2019-жылы туризмден түшкөн киреше дүйнө боюнча 1,5 трлн. АКШ долларга жетип экспорттун көлөмү боюнча химия жана мунай өнөр жайынан кийинки 3 – орунду, ал эми тейтөө секторунда алдыңкы орунду ээлеген. Дүйнөлүк туризм жана саякат кеңешинин (WTTC) маалыматы боюнча 2033-жылы туризм тармагынын ИДПдагы көлөмү 15 трлн. АКШ долларды түзүп, дүйнө боюнча иштегендердин саны 430 млн. кишиге жетип, эмгекке жарамдуу калктын 12% иш менен камсыз кылынат.

Ал эми мейманкана комплекси туризмди өнүктүрүүдө олуттуу орунду ээлейт. Бизнестин мындай түрү меймандостук, тамак-аш жана турак жайларды ижарага алуу чөйрөсүндө тейлөө көрсөтүү менен байланышкан коммерциялык ишканалардын тутумун камтыйт. Мунун түпкү максаты жалпы эле келген коноктордун, анын анын ичинде туристтердин керектөөлөрүн канааттандыруу, комфорттун жогорку деңгээлин камсыздоо жана тейлөөнүн ушул түрүн көрсөтүү аркылуу киреше табуу болуп саналат.

Бишкек шаары барган сайын кеңейип, натыйжада келген туристтердин жыл өткөн сайын саны арбып жатат. 2023-жылдын маалыматы боюнча республикага алыскы чет мамлекеттерден туристтердин 52,9%, КМШ өлкөлөрүнөн келгендердин 29,5% Бишкектин үлүшүнө туура келген. Көрүнүп тургандай туризмдин өнүгүшүнө шаарда жайгашкан мейманканалардын мааниси улам барган сайын артылып жатат. Ушундан улам келечекте мейманкана бизнесинин натыйжалуулугун жогорулатуу, уюштурулушун бир нукка салуу, башкаруу чөйрөсүн кыйла жакшыртуу боюнча бир катар көйгөйлөрү келип чыгууда. Мындай келип чыккан жагдай өз кезегинде диссертациянын изилдөө темасынын өтө актуалдуулугун, анын максаттарын жана негизги милдеттерин толук ырастайт.

Мейманканаларды уюштуруу жана башкаруунун концептуалдык негизин түзүүчү, эларалык, ошондой эле улуттук деңгээлде колдонулган теоретикалык, методикалык жана прикладдык аспекттери чет элдик төмөнкү окумуштуулардын эмгектеринде изилдөө жүргүзүлгөн: Akgöz, E. (2018), Erdem, B. (2015), Tayfun, A. (2020), Kızanlıklı, M. (2023), Kozak, N. (2002), Агеенко Д. Е. (2011), Кабушкин, Н. И. (2001), Колотилин Ю. Ю. (2006), Перельман М. А. (2003), Кононова И. В. (2012), Кобяк М. В. (2013), Доброжанская Е. Б. (2011), Гусейнова Л. Ш. (2008) ж.б.

Кыргыз Республикасынын туризм жана мейманкана бизнеси Атышов К. А. (2024), Чонтоев Д. Т. (2013), Низамиев А. Г. (2021), Бекбоева М. А. (2015), Дудашвили С. Д. (2001), Чубурова Ж. Т. (2020), Расулова Н. К. (2013), Сариева Ш. К. (2015), Джумалиева Г. М. (2019), Султанов Ж. М. (2021), Турдумамбетов Б. (2017), Маргазиева Н. К. (2008), Жениш Н. (2017), Бабосюк А. В. (2022), Токторов А. А. (2022) ж.б. окумуштуулардын илимий эмгектеринде кеңири чагылдырылган.

Акыркы жылдары Кыргыз Республикасынын туризм жана мейманкана бизнеси боюнча илимий изилдөөр салыштырмалуу кеңейип жаткандыгына карабастан, мейманканаларды башкаруу боюнча чыгарылган илимий эмгектер, айрыкча Бишкек боюнча, өтө эле сейрек экендигин белгилөөгө болот. Мейманкана бизнесин башкарууну жакшыртуу жана натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча республикада илимий изилдөөлөр дээрлик жүргүзүлбөгөндүгү, ошондой эле бул багыттагы иштерде ирээттүүлүктүн жана комплекстүүлүктүн жетишсиздиги өз кезегинде диссертациялык изилдөөнүн темасынын өтө актуалдуулугун, анын максаттарын жана негизги милдеттерин толук ырастайт.

**Диссертациянын темасынын артыкчылыктуу илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор), ошондой эле билим берүү жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлүп жаткан негизги изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык иш “2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы” (31 октябрь 2018-жыл УП № 221), “Кыргыз Республикасынын 2026-жылга чейин улуттук өнүктүрүү программасы” (12 октябрь 2021ж. УП № 435), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-2023-жылдарга туризм чөйрөсүн өнүктүрүү программасы” (31 январь 2019ж. Токтом №36) жана 2021-2025 ж. кышкы туризмди туруктуу өнүктүрүү (Helvetas) эл аралык долбоору менен тыгыз байланышкан.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Бишкектин мейманкана рыногун өнүктүрүү, алардын натыйжалуулугун жогорулатуу, башкаруу процесстерин жөнгө салуу жана келечектүү багыттарын экономикалык нукта негиздүү иштеп чыгуу менен теориялык-методикалык жактан, ошондой эле практикалык сунуштарды даярдоо болуп саналат. Мындай максатка жетүү үчүн илимий иште төмөнкүдөй милдеттер коюлган:

1. Туризм индустриясынын мейманкана секторундагы өнүгүүнүн илимий-теориялык негиздерин изилдөө жүргүзүү;
2. Мейманкана секторунун учурдагы өнүгүү тенденциясын ар тараптуу изилдөө;
3. Мейманканаларда туристтердин калуу мөөнөтүн узартууга көмөк көрсөтүүнүн багыттарын аныктоо;
4. Мейманканаларды башкарууну жакшыртуунун моделин түзүү;
5. Бишкетеги мейманкана бизнесин өнүктүрүүнүн келечектеги багыттарын иштеп чыгуу;

6. Мейманканалардын ишин уюштуруу жана башкаруунун моделин иштеп чыгуу;
7. Мейманкана секторунун алкагында иштиктүү бизнес - долбоорун сунуштоо.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы** – туризмдин мейманкана секторун өнүктүрүү боюнча теориялык жоболор, методиалык жана практикалык сунуштар иштелип чыкты.

Изилдөөнүн жүрүшүндө төмөнкүдөй илимий натыйжалар алынды:

– туризм комплексинин алкагындагы мейманкана секторун өнүктүрүүнүн түпкү мааниси жана анын экономикадагы ээлеген орду теориялык жактан талданды;

– Бишкек шаарынын мейманкана секторунун потенциалдык мүмкүнчүлүгү, учурдагы өнүгүү тенденциялары, сапаттык көрсөткүчтөрү боюнча изилөө жүргүзүлдү;

– мейманканаларда келген туристердин калуу мөөнөтүн узартуу боюнча жүргүзүлгөн изилдөө иштеринин жыйынтыгы көрсөтүлдү;

– жергиликтүү калкты туризм жаатында ишке жайгаштырууну камсыздоо, ошондой эле уюштуруу системасын жана башкарууну жеңилдетүү максатында “холократия” уюштуруу системасы мейманкана бизнеси үчүн иштелип чыкты;

– Бишкектеги мейманкана бизнесин өнүктүрүүнүн келечектеги багыттары негизги көрсөткүчтөрү 2030-жылга чейинки аралык боюнча иштеп чыкты;

– мейманканалардын ишин уюштурууну жана башкарууну баалоонун моделинин үлгүсү даярдалды;

– келечекте чет өлкөлүк туристерди тартуу максатында капсул жана микро отелдери жана бозүй конушу категориясындагы мейманкана кызматтарын камтыган мейманкана комплексинин инвестициялык бизнес долбоору даярдалды.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги корутундулары жана сунуштары мамлекеттик бийликтин мыйзам чыгаруучу жана аткаруучу органдары туризм саясатын жана региондук программаларын иштеп чыгууда, Бишкек шаарынын мейманкана секторун өнүктүрүү жана атаандаштык дараметин кубаттоого багытталган программалар менен концепцияларды калыптандырууда, ишке ашырууга, пландалган бизнес долбоорлордо, жергиликтүү жана чет элдик инвестицияларды тартууда пайдаланышы ыктымал.

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары “Хаускипинг: башкаруу жана уюштуруу” окуу китебин, “Кыргызстандагы мейманкана ишканаларын жиктөө модели” менен “Кыргызстандагы мейманканалардын эко сертификация модели” монографияларын жазууда, ошондой эле, Кыргыз – Түрк Манас Университетинин Туризм факультетинин “Мейманкана ишмердүүлүгүн уюштуруу”, “Мейманканаларда кризисти башкаруу”, “Меймандостук индустриясында анимация кызматтарын уюштуруу жана башкаруу”, “Мейманкана ишмердүүлүгүнүн технологиясы” сабактарын өтүүдө колдонулууда. Андан

тышкары, “Мейманканаларды башкаруу”, “Меймандостук индустрия маркетинги”, “Туруктуу туризм”, “Рекреация”, “Коомчулукка негизделген туризм” дисциплиналарынын лекцияларын даярдоодо, ошондой эле ишмердүүлүгүн жүргүзүп жаткан мейманканалардын натыйжалуулугун жогорулатууда жана жаңы өндүрүм иштеп чыгууда колдонууга болот.

**Алынган жыйынтыктардын экономикалык мааниси.** Диссертациялык иштин жыйынтыктары мейманкана индустриясынын өнүгүшүнө оң таасирин тийгизип, туристтик өндүрүмдүн жиктелиши менен диверсификациялоосуна тиешелүү салым кошот. Ошондой эле, иштеп жаткан мейманкана комплекстеринин натыйжалуулугун жогорулатууда, социалдык-экономикалык маселелердин натыйжалуу чечилишине жана экологиялык жактан сезимталдыктын калыптануусуна да оң таасирин тийгизип, экономикалык жактан мааниси жогорулайт.

**Коргоого сунушталуучу диссертациянын негизги жоболору:**

– татаалдаштыгы жана түрдүүлүгү жагынан өзгөчөлөнгөн, ошондой эле туризмдин олуттуу бөлүгүнө айланган мейманкана бизнесин башкаруунун негизги түшүнүктөрү боюнча комплекстүү жана системалаштырылган илимий көз караштар бир нукка салынып сунушталды;

– мейманкана ишканаларынын натыйжалуулугун жогорулатуу максатында “тең салмактуулук чамгарагы” аталыштагы усулу комплекстүү иштелип чыкты;

– келген туристтердин мейманканадагы калуу мөөнөтүн узартуу жолдору талдалып, аймактагы туристтик ресурстарды иликтөөнүн негизинде жаңы туристтик өндүрүмдөр иштелип чыгып сунушталды;

– Бишкек шаарынын мейманкана секторун келечекте өнүктүрүүнүн негизги көрсөткүчтөрүнүн 2030-жылга чейинки божомолу комплекстүү иштелип чыкты;

– мейманкана секторун өнүктүрүү боюнча бизнес модели иштелип чыгып, холократия уюштуруу системасы сунушталды;

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** “Кыргызстанда иштеген жайгаштыруу каражаттарынын өзгөчөлүктөрүн изилдөө жана классификация стандарттарын иштеп чыгуу”, «Кыргызстандагы мейманканалардын эко сертификация модели” жана “Кыргызстандагы мейманканалардын көмүртек изин аныктоо” илимий изилдөө долбоорлорунун изилдөөчүсү. “Хаускипинг: башкаруу жана уюштуруу” окуу китебинин автору.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарын апробациялоо.** Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө 17 илимий макала чыгып, төмөнкүдөй 12 эл аралык жана республикалык конференция менен симпозиумдарда баяндоо жасалган: “I Эл аралык түрк дүйнөсүнүн симпозиуму” (Турция, 2015); “Континенттер арасы туризмди башкаруу” MTCON’20 эл аралык конференциясы (Турция, 2020); “24 - Эл аралык түрк кооперативдер конгресси” (Кипр, 2022); “Экономикалык реалдуулуктун жаңы чакырыктары” конференциясы (Бишкек, 2023); “Түрк элдеринин салттуу спорт оюндарынын XII эл аралык симпозиуму” (Бишкек, 2023).

Ошондой эле КАТО (Кыргызская ассоциация туристических организаций) жана Freedom (ОсОО Метаф) мейманканасынан ишке ашыруу актылары алынган.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу.** Диссертациянын негизги жоболору жана натыйжалары ар кандай илимий, мезгилдүү 7 басылмаларда чагылдырылган. Алардын ичинен 2 макала КР ЖАК (РИНЦ КР) тарабынан сунушталган басылмаларда (импакт фактор 0,1), 1 макала Scopus индекстөө системасында жарыяланып, жалпы саны 123 балл.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.** Диссертациялык иш кириш сөздү, үч бөлүмдү, корутундуну, практикалык сунушту, пайдаланган адабияттардын тизмесин жана тиркемелерди камтып, 168 беттен, 25 таблицадан, 13 сүрөттөн, 196 библиографиялык тизмеден жана 12 тиркемеден турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациянын актуалдуулугу, ири илимий программалар менен байланышы, илимий изилдөө деңгээли негизделип, изилдөөнүн максаттары жана милдеттери аныкталган. Диссертациялык изилдөөнүн коргоого чыгарылган негизги жоболору, экономикалык жана практикалык маанилүүлүгү, теориялык жана методикалык негиздери көсөтүлгөн. Алынган натыйжалардын экономикалык жана практикалык мааниси ачылган.

Биринчи бап. **«Мейманкана бизнесин башкаруунун теориялык - методикалык негиздери»** бөлүмүндө мейманканаларды башкаруу илиминин теориялык негиздери, башкаруу методдору, жетекчилердин башкаруудагы стильдери жана эларалык тажрыйбасы ар тараптуу иликтенип чыкты. Келген туристердин ар бири бюджетинин 30% мейманканадагы тейлөөгө жумшаларына байланыштуу мейманканаларды билгичтикте уюштурууга жана башкарууга жетишүү өз кезегинде алардын финансылык көрсөткүчтөрүнө оң таасирин тийгизе тургандыгы ырасталды.

Мейманкана бизнеси учурда туризм экономикасынын түзүмүндө эле алдыңкы орунда болбостон, эң алды менен саякаттан канааттануу, дестинациянын жагымдуулугу жана жайлуулугу сыяктуу аспектилери аркылуу туризм психологиясын калыптандырууда дагы өтө маанилүү болуп эсептелет [Организация и управление гостиничным бизнесом [Текст]: учебник / под ред. А. Л. Лесника, А. В. Чернышева. – М.: Издательский дом “Альпина”, 2001. – 238 с.]. Эл аралык калыптанган тажрыйбага ылайык мейманканаларды уюштуруунун башкаруу түзүмдөрү ич ара сызыктуу, функционалдуу жана сызыктуу-функционалдуу болуп ажыратылат. Сызыктуу – функционалдуу башкаруунун уюштуруу схемасы төмөндө иштелип чыкты (1.1 – сүрөт).

Белгилүү болгондой мейманканаларды уюштуруу көлөмү, курулуш жери, даражасы, персоналдын саны, жүргүзгөн саясаты, стратегиясы сыяктуу багыттары

менен айырмаланган ишканаларды бир стандартка алып келүү мүмкүн эмес. Бирок, салттуу уюштуруу системасынан баш тарткан мейманканалардын бардыгында каттоо жана жайгаштыруу, тазалоо, техникалык камсыздоо, тамактануу жана коопсуздук сыяктуу кызматтарды сунуштаган бөлүмдөрдүн болушу зарыл.




**1.1 – сүрөт. Мейманкананын сызыктуу-функционалдык башкаруу түзүмү**
Булак: автор тарабынан түзүлдү.

Мейманкана ишканаларын башкарууда түрдүү усулдар жана алардын айкалышуулары бир эле мезгилде пайдаланылат. Андан сырткары башкаруунун административдик (уюштуруучулук), экономикалык жана социалдык-психологиялык методдору дагы орун алган. Мейманканаларда жогоруда аталган айырмачылыктар орун алганыгына байланыштуу бирдиктүү уюштуруу схемасы азырынча калыптана элек, тескерисинче, салттуу уюштуруу түзүмүнүн ордуна “холократия” моделинде иштеген мейманканалар пайда болууда. Мындай башкаруу түзүмүндө салттуу жетекчи – кызматкер мамилеси жоюлуп, отчет берүү үчүн эмес, ишкананын жалпы максаттарына жетүү үчүн эң алды менен иштер аткарылып, креативдүүлүк жана инициативдүүлүк жогору бааланат. Ошондой эле ар бир кызматкер-өнөктөш өзүнүн иш күнүн, бюджетин, иш көлөмүн, өргүүсүн өзү белгилеп, башка өнөкштөрү жана бизнес ээси менен тунук мамиле калыптандыра алганы аныкталган.

Андан сырткары өз убагында туура тандалган технология менен жабдыктар жалгыз гана убакыттын үнөмдөлүшүнө салым кошпостон, материалдык жана адам ресурстарынын натыйжалуу колдонулушуна жана көзөмөл процессин жеңилдетүүгө шарт түзөт.

Экинчи бапта - **«Бишкек шаарынын мейманкана бизнесин өнүктүрүүнүн абалы»** - мейманканалардын учурдагы абалы жана өнүгүү тенденциясы,

мейманканалардын көрсөткөн кызматтары жана тейлөөнү башкаруу, мейманканаларды башкарууда мамлекеттин орду, туризм салыгы, келген туристтердин мейманканада калуу мөөнөтүн узартууга карата туристтик ресурстар, мейманкана бизнесиндеги көйгөйлөрү жана санариптешүүсү, ошондой эле мейманканаларда улуттук баалуулуктарды өнүктүрүүнүн жагдайы ар тараптуу иликтенип каралган.

**Изилдөөнүн объектиси**: Бишкек шаарынын мейманкана бизнеси.

**Изилдөөнүн предмети:** Бишкек шаарынын мейманкана бизнесинин өнүгүү тенденциялары, башкаруусун жакшыртуу.

**Изилдөөнүн методдору:** системалык, салыштырмалуу, сурамжылоо, эксперттик баа берүү жана экономика-математикалык.

Кыргызстанга 2018-жылы 750,0 миң турист келип, анын 99,0 миңи алыскы чет өлкөлөрдөн болгон. Ал эми 2019-жылы алыскы чет өлкөлөрдөн Кыргызстанга келген туристтердин саны 73 миңге түшүп, 2020-жылы 10 эсе азайганына карабастан, 2023 – жылы 161,3 миңге жеткени жана КМШ өлкөлөрүнөн келген туристтердин саны 2023 - жылы 2019 - жылга салыштырмалуу 2,7 эсе көбөйгөнү төмөндөгү 2.1 - таблицада көрсөтүлгөн.

**2.1 - таблица. Кыргызстанда туризм ишканалары тейлеген туристтердин саны, миң**

| | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 | Өсүүсү (5 жыл) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| КМШ өлкөлөрү | 94,0 | 12,4 | 34,6 | 139,3 | 257,0 | 2,7 эсе |
| Башка өлкөлөр | 73,0 | 7,1 | 23,7 | 84,4 | 161,3 | 2,2 эсе |
| Кыргызстан | 643,0 | 236,8 | 606,4 | 924,5 | 1414,3 | 2,2 эсе |
| Бардыгы | 809,6 | 256,3 | 664,7 | 1148,2 | 1832,5 | 2,3 эсе |

Булак: автор тарабынан Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин маалыматтарынын негизинде эсептелди [Электрондук ресурс]: Кыргызстандагы туризм – Б., 2019-2023 - Кирүү режими: https://stat.kg/kg/publications/sbornik-turizm-v-kyrgyzstane/. – башкы беттен.

Төмөндөгү таблицада борборго келген туристтердин өсүүсү көрсөтүлүп, КМШ өлкөлөрүнөн келген туристтердин 29,5% жана алыскы чет өлкөдөн келген туристтердин 52,9% борбордун мейманканаларында жайгашкандыгы аныкталган.

Туристтердин санындагы көбөйүү Кыргызстандагы мейманкана бизнесинин санына дагы таасирин тийгизген. Республика боюнча 5 жылда катталган юридикалык жана жеке мейманканалар 202 ге, ал эми конок үйлөрү 153 ишканага көбөйгөн. Орточо эсеп менен республика боюнча мейманканалар жыл сайын 40, конок үйлөрү 31ге көбөйүп, жатак орун саны пандемияга чейин 41,6 миң болсо 2023-ж 79,2 миңге чейин өскөн. Ал эми Бишкек шаары боюнча көрсөткүчтөр төмөндөгү 2.2 - таблицада чагылдырылган.

**2.2 - таблица. Бишкеке келген туристтердин санынын өсүү тенденциясы, миң адам**

| Жыл | Бардыгы | Анын ичинен | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Алыскы чет өлкөлөрдөн | КМШ өлкөлөрүнөн | Кыргызстандан |
| 2019 | 117,5 | 47,7 | 25,2 | 44,6 |
| 2020 | 29,0 | 6,6 | 6,2 | 16,1 |
| 2021 | 52,3 | 137,7 | 12,8 | 25,7 |
| 2022 | 181,7 | 64,4 | 49,3 | 68,0 |
| 2023 | 273,8 | 85,3 | 75,8 | 112,7 |

Булак: автор тарабынан Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин маалыматтарынын негизинде түзүлдү [Электрондук ресурс]: Кыргызстандагы туризм, 2019-2023-ж. – Б., 2023 - Кирүү режими: https://stat.kg/kg/publications/sbornik-turizm-v-kyrgyzstane/. – башкы беттен.

Көрсөтүлгөн 2.3- таблицанын маалыматына карата беш жылда орточо эсеп менен республика боюнча мейманканалар менен конок үйлөр 4% га, ал эми Бишкекте мейманканалар 8,2%, конок үйлөр 2020 – жылы эч өсүү болбогонуна карабастан 9,6% га өскөн. Жүргүзүлгөн анализ борбор шаардын өсүү динамикасы республикалык көрсөткүчтөрдөн 2 эседен көп болгонун көрсөткөн. Ошондой эле Кыргыз Республикасында жана Бишкек шаарындагы мейманкана бизнесинин өнүгүүсү түрдүү формалардын пайда болушу менен коштолууда. Мисалы учурда мейманканалар, конок үйлөрү, хостел, мотел, глэмпинг, А-фрейм, бешик үй, таш үй, жыгач үй, дизайнердик же тематикалык жайгаштыруу каражаттары туристтерди кабыл алууда.

**2.3 - таблица. Бишкек шаарындагы мейманкана секторунун өсүү динамикасы**

| **Жылдар** | **2019** | **2020** | **2021** | **2022** | **2023** |
|---|---|---|---|---|---|
| Мейманкананын саны | 125 | 144 | 149 | 154 | 165 |
| Конок үйлөрү | 87 | 83 | 92 | 102 | 114 |
| Дүң киреше (млн сом) | 1205,4 | 398,9 | 1037,2 | 2553,2 | 3457,4 |
| Жатак орун саны, миң | 2,4 | 2,2 | 2,1 | 8,6 | 11,0 |
| Жайгаштырылган адамдардын саны, миң адам | 108,0 | 28,0 | 50,0 | 169,9 | 251,2 |
| Көрсөтүлгөн суткалык орун, миң | 195,1 | 55,2 | 76,2 | 271,7 | 324,0 |
| Бардык номерлердин саны, бирдик | 1611 | 1494 | 1524 | 6510 | 6948 |
| Бир кишилик жатак орундун баасы, сом (суткасына) | 2,9 | 3,1 | 3,0 | 3,0 | 3150 |
| Резиденттер үчүн суткалык орундун орточо наркы, сом | 2670 | 2700 | 2705 | 2500 | 2800 |
| Резидент эместер үчүн суткалык орундун орточо наркы, сом | 2975 | 3000 | 3515 | 3500 | 3500 |

Булак: автор тарабынан Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин маалыматтарынын негизинде түзүлдү [Электрондук ресурс]: Кыргызстандагы туризм, 2019-2023-ж. – Б., 2023 - Кирүү режими: https://stat.kg/kg/publications/sbornik-turizm-v-kyrgyzstane/. – башкы беттен.

Бишкектин мейманкана бизнесинин өнүгүүсүнө түрдүү саясий жана жаратылыш кризистери, тейлөө сапатынын төмөндүгү, туристтик сезондун кыска болушу, борборго келген туристтердин 1-2 түн гана түнөгөнү, ишканалардын статистикасындагы жана категориялаштыруусундагы көйгөйлөр, туризм жаатында иш алып барган мамлекеттик органдар менен байланыштын жоктугу сыяктуу түрдүү көрүнүштөр терс таасирин тийгизүүдө. Өлкөдө 15 жогорку окуу жайы, 2 орто кесиптик жана 21 кесиптик лицей туризм жана мейманкана бизнеси үчүн кадрларды даярдаганына карабастан рынокто квалификациялуу кадрлардын жетишсиздиги кардарлардын канааттануу деңгээлинин төмөн болушуна себеп болууда.

Мейманкана бизнесиндеги атаандаштык чөйрөдө стандарттар жана классификациялоо олуттуу орунду ээлейт. Биздин республкада 1994-жылы КМШ өлкөлөрү биргелешип кабыл алган мейманканаларды классификациялоо стандартына ылайык жылдыз же разряд берүү Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Стандартташтыруу жана метрология борбору (Кыргызстандарт) аркылуу жөнгө салынып келген. Бул жооптуу иш толугу менен ыктыярдуу түрдө болгону жана стандарттар маанилүүлүгүн жогото баштагандыгынан улам учурда Бишкекте жылдызы тастыкталган бир гана мейманкана болгондугу аныкталды.

Кыргызстанда туризмге байланыштуу мыйзамдардын жетишерлик деңгээлде иштелип чыкпагандыгына, ошондой эле дасыккан адистердин жетишсиздигине байланыштуу Бишкектеги мейманкана бизнесинде таза, талапка толук шайкеш келген атаандаштык принциптерине дал келбегендей жагдай жаралууда. Ушундай келип чыккан жагдайды иликтөө соңунан кийин республикада, анын ичинде Бишкекте мамлекет тарабынан мейманкана ишмердүүлүгүн башкаруу жагы ар тарптуу иликтенип, төмөнкүдөй жыйынтык чыгарылды (2.1- сүрөт).

Схемада көрүнүп тургандай мейманканалар мамлекеттик органдар менен ич ара аракетте болушунун жоктугунан улам, Туризм департаменти, Туризмди өнүктүрүү фондусу жана туризм жаатында стандарттарды көзөмөлдөгөн Кыргызстандарт бири экинчиси менен шайкештикте иш алып баралбай жатат. Ошондой эле мейманкана бизнесинин тармактык ассоциациялар менен тыгыз жана туруктуу байланышы жок болгондугун дагы белгилөө зарыл.

Мамлекет тарабынан мейманкалардын тейлөө сапаты жана сунуштаган кызматтары көзөмөлгө алынбаганы бир жагынан, келип чыккан атаандаштык чөйрө экинчи жагынан, мейманканаларда сунушталган кызматтардын көп санда болуусуна негиз болууда. Борбордо жайгашкан 5 жана 4 жылдыздуу мейманканаларынын сунуштаган тейлөө кызматтарын иликтөө көрсөткөндөй, буларда жалпысынан бири экинчисинен анчалык айырмаланбагандыгы аныкталды. Мисалы Бишкектин 5 жылдыздуу мейманканаларынын бардык бөлмөлөрү кондиционер, сейф, минибар, гигиена каражаттары, текстиль, сыналгы, фен, чай жана кофе комплекти менен камсыз кылынган. Стандарт кызматтарга

кошумча катары Орион отелинин ар бир бөлмөсүндө кофе машинасы орнотулган, Hyatt отелинин бөлмөлөрүндө үтүктөө комплекти жайгаштырылган жана Sheraton отели бекер велосипед тебүүнү уюштурган. Ал эми борбор шаардын 4 жылдыздуу мейманканалары 5 жыддыздуу мейманканалардан чакан жыйын залы, HDC бөлмөлөрү, фитнес, СПА жана бассейиндин жоктугу менен айырмаланат.




**2.1 - сүрөт. Бишкектеги мейманканалардын мамлекетик башкарылуусу**
Булак: автор тарабынан түзүлдү.

Бишкектеги мейманкана бизнеси тейлөө чөйрөсүнө тиешелүү болгондугунан улам аны башкаруунун татаалдашкандыгын эске алуу менен маркетингдик, өндүрүштүк, инвестициялык, бухгалтердик жана адам ресурстары боюнча өзгөчөлүктөрүн комплекстүү кароо керек экендигин баса белгилөөгө болот. [Асанова К. Т. Мейманканалардын башкаруусунда өзгөчөлүктөр [Текст] / К. Т. Асанова, М. Т. Кадыралиев // Вестник КЭУ. - 2016. - № 3 (37). - . С. 253-256.]. Андыктан туристтердин эсинде калгыдай тейлөө ишинде үзгүлтүксүз окутуу, стандарттар жана чек-листтер аркылуу тейлөөнү сапаттуу башкарууга жана атаандаштыкты камсыздоого жол ачат.

Учурда Кыргызстандын мейманкана жана жалпы эле өлкөнүн туризм секторунда улуттук баалуулуктарды колдонуу кеңейтилип жатат. Эл аралык тажрыйбага ылайык туристтердин эс алуу мөөнөтүн узартуу туристтик өндүрүмдү дифференциациялоо жана диверсификациялоонун алкагында ишке ашырылат. Андыктан, Бишкектеги жана анын айланасындагы туристтик ресурстары табигый жана адам колунан жаралган түрлөрү ар тараптуу талдоого алынып, жыйынтыгында ар бирине карата туристтик өнүм сунушталды. Төмөндөгү 2.4-таблицада борбордун жана анын айланасындагы табигый ресурстары толугу менен тизмектелип, аларга байланыштуу туристтик өнүмдөр бир нукка салынды.

## 2.4 - таблица. Бишкек шаары жана анын айланасындагы табигый туризм ресурстары жана туристтик өндүрүмдөр

| Табигый туризм ресурстары | Туризм өндүрүмдөрү |
|---|---|
| Ала-Арча жаратылыш паркы;<br>Сейил паркы;<br>Кегети капчыгайы;<br>Аламүдүн капчыгайы;<br>Белогорка капчыгайы;<br>Чуңкурчак;<br>Татыр;<br>Адыгене көлү;<br>Ысык суу – термалдык булактар: Теплые ключи, Воронцовка, Ысык-Ата.<br>Дарыялар: Чүй, Аламүдүн, Ала-Арча, Сокулук, Кичи Кемин, Ысык ата | Альпинизм, тоого чыгуу, кемпинг;<br>Лыжа борборлору: Зил, Нооруз, Супара, Орловка, Байтик;<br>Рафтинг (Чоң Кемин);<br>Аскага чыгуу (Скалолазание);<br>Фото-аң улоо;<br>Зорбинг;<br>Улуттук парктарда сейилдөө;<br>Жапайы жаныбар жана жаратылыш көзөмөлү;<br>Ботаникалык парктарды көзөмөлдөө;<br>Экологиялык изилдөөлөр жана турлар;<br>Саманчынын жолуна байкоо жүргүзүү;<br>Түнкү асманга байкоо жүргүзүү;<br>Жаратылышта (тоо, талаа, суу жээги) таңды тосуу;<br>Даары чөптөрдү таанытуу / чогултуу.<br>Суу жээгинде таң тозуу;<br>Фестивалдар жана оюндар: Көчмөн оюндары, Оймок, Оймо ж.б. фестивалдары. |

Булак: автор тарабынан түзүлдү.

Көрүнгөндөй, Кыргызстанда туристтерге массалык түрдө али сунушталбаган фото аң улоо, зорбинг, Саманчынын жолуна байкоо жүргүзүү, жапайы жаныбар жана жаратылыш көзөмөлү, экологиялык турлар, даары чөптөрдү таанытуу сыяктуу туристтик өндүрүмдөр таблицада орун алган.

Бишкекте ресторан сектору дагы туризмдин өнүгүшүнө олуттуу таасирин тийгизет. Учурда тамактануу комплекси негизги өндүрүмдөрү менен маданий элементтердин айкалышы өз кезегинде туризмде баалуулуктарды жогорулатып, туристтердин дестинация тандоосунда алдыңкы орунга чыгууда. Мында маданияттын элементи катары эсептелген ашкана, маданий туризмдин маанилүү ресурсу болуп саналат дагы туристтердин саякаттоосун тандоодо негизги фактордун бири катары каралат. Мындай тейлөөлөрдү сунуштоо мейманкаларды толтурууга гана оң таасир тийгизбестен, жалпы эле туризмдин өнүгүшүнө, ошондой эле кыргыз элинин каада-салты менен үрп-адаттарынын сакталышына да чоң салым кошот.

Өзүнүн нукура өзгөчөлүктөрүн сактап, эзелки өткөндөрдөн тартып азыркыга чейинки калыптанган улуттук ашканалар жана андагы түрдүү өндүрүмдөр, туризмди өнүктүрүү өңүтүнөн алганда өтө маанилүү экендиги менен айырмаланат. Туристтик тейлөөнүн мындай түрүнүн алкагында гастрономиялык азыктарды кеңири колдонуу республикада туризм тармагын өнүктүрүүгө тиешелүү салымын кошуу менен бирге, кыргыз ашканасынын керемет баалуулугун кеңейтүү өз кезегинде туристердин арбын келүүсүнө, мейманканалардын санынын арбышына,

сапаттуу тейлөөнүн жакшыруусуна өбөлгө түзүп, жергиликтүү калктын социалдык-экономикалык көрсөткүчүн жакшыртууга өз салымын кошот.

Үчүнчү бап. **«Бишкек шаарынын мейманкана бизнесин өнүктүрүүнү башкаруунун багыттары»** бөлүмүндө эл аралык мейманкана бизнесинин туруктуу өнүгүүсүнүн келечектүү жолдору талдалып, Бишкек шаарынын 2030-жылга чейинки өсүү божомолу иштелип чыкты. Мында ошондой эле мейманканалардын натыйжалуулугун жогорулатуунун “Теңсалмактуулук чамгарагы” усулунун негизи даярдалды. Иште “Байтик” мейманкана комплексин куруууда капсул отели, микро отель жана боз үй конушу категориясындагы мейманкана кызматтарын сунуштаган үч түр ишкананын инвестициялык планы, жумшалган каражаттардын актоо мөөнөтү пессимисттик, реалдуу жана оптимисттик жактан эсептелип чыгып, рентабелдүүлүгү көрсөтүлдү. Бул сунушталган мейманкана бизнесинин уюштуруу түзүмү “холократия” системасында пландаштырылып, “этно-анимациялык программа” дагы даярдалды.

Ишти даярдоонун жүрүшүндө борбор калаадагы мейманкана бизнесинин келечегин божомолдоодо Eviews-13 программасы колдонулду. Мында эконометрикалык ыкма менен жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжасында мейманкалардын, конок үйлөрдүн, алардын жалпы сыйымдуулугу менен номерлеринин санынын, ошондой эле келген туристтердин жана алардан түшкөн кирешенин туруктуу өсө турганы төмөндөгү 3.1- таблицасында көрсөтүлгөн.


**3.1 - таблица. Бишкек шаарынын мейманкана бизнесинин өнүгүү божомолу**

| Жыл | 2023 факт | Божомол | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2024 | 2025 | 2026 | 2027 | 2028 | 2029 | 2030 |
| Мейманкана $Y = a+bt+u$ | 165 | 173 | 182 | 191 | 200 | 210 | 219 | 228 |
| Конок үй $Y = a+bt^2+u$ | 114 | 130 | 145 | 161 | 178 | 196 | 216 | 237 |
| Жатак орун саны (миң) $Y = a + bt^2+cd+u$ | 9,1 | 10,3 | 11,5 | 12,8 | 14,2 | 15,7 | 17,3 | 18,9 |
| Бөлмөлөр фонду (миң) $Y = a + bt^2+cd+u$ | 6,2 | 7,0 | 7,8 | 8,8 | 9,7 | 10,8 | 11,8 | 13,0 |
| Бишкеке келе турган туристтердин саны, миң $Y = a + bt+cd+u$ | 138,4 | 148,7 | 159,0 | 169,3 | 179,7 | 190,0 | 200,3 | 211,0 |
| Мейманкана тейлөөлөрүнөн түшкөн киреше, млрд. Сом $Y = a + bt+cd+u$ | 3,6 | 3,8 | 4,0 | 4,2 | 4,4 | 4,6 | 4,8 | 4,9 |

Булак: Автор тарабынан түзүлдү.

Божомолдоонун таблицада көрсөтүлгөн жыйынтыктары жөнөкөй регрессия модели аркылуу алынып, Бишкектеги мейманкана бизнесинин өнүгүүсүнүн көрсөткүчтөрү 2030 – жылы 2023 – жыл менен салыштырганда 1,4 – 2.1 эсе өсө турганы аныкталган.

Мейманканада тейлөөнүн натыйжалуулугун бир нече аспектилери боюнча баалоого мүмкүндүк түзүүчү жана мейманканалар үчүн такталган үлгүсү төмөндө көрсөтүлгөн (3.1 - сүрөт). Иштелип чыккан бул үлгүдө мейманканалардын натыйжалуу иштөөсү үчүн маанилүү болуучу багыттарды камтыган BSC модели берилген. Мисалы, туруктуу кардарлар, даттануулар жана кайра сатып алуу сыяктуу көрсөткүчтөрдүн пайызы кардарлардын канааттануу деңгээлинин жана ишкананын кардарлар менен болгон мамилесинин анык, туура чалылдыруусун алууга мүмкүнчүлүк түзөт. Ички бизнес-процесстеринде болсо иш өндүрүмдүүлүгү, кетирилген катаалардын саны жана өндүрүш убактысын камтылса, финансылык көрсөткүчтөрү түшкөн акча каражаттарды, ал эми мейманкананын кызматкерлери туризм жаатында алган билими, ишинен канааттануу деңгээли, калыптанган лоялдуулугу, кесиптик көндүмдөрү аркылуу бааланат.




**3.1 - сүрөт. Мейманканаларда баалоо моделинин үлгүсү (BSC)**

Булак: автор тарабынан түзүлгөн.

Мейманкана бизнесиндеги иштин жүрүшүнүн натыйжалуулугун баалоо максатында “Теңсалмактуулук чамгарагы” иштелип чыгып, анын уңгусун чечмелей турган 80 суроо иштелип чыкты. Бишкекте жайгашкан 4 жылдыздуу беш мейманкананын башкы менеджерлери менен Каттоо жана жайгаштыруу бөлүмүнүн иши тууралуу даярдалган суроолордун негизинде жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыгында даярдалган чамгарак өз кезегинде бул ишканалардын чыныгы калыптануу абалын толук чагылдыра тургандыгы

ырасталды. Мындай ыкманы колдонуу менен кыска мөөнөттүн ичинде тиешелүү бөлүмдүн ишин толугу менен диагностикалоо мүмкүнчүлүгү жаралып, жоопсуз калган жактарын оңдоп-түзөөнүн негизинде бөлүмдүн ишинин натыйжалуулугун кыска убакыттын ичинде жогорулатууга мүмкүнчүлүк түзөт. Мейманканалардын Каттоо жана жайгаштыруу бөлүмүнүн ишинин чамгарагы төмөндө көрсөтүлдү (3.2 – сүрөт).

Ошондой эле Бишкекте жайгашкан 3 жылдыздуу 5 мейманканада Тазалоо кызматтары бөлүмүнүн ишин талдоо үчүн атайын сурамжылоо жүргүзүлгөн. Бул сурамжылоодо "химиялык каражаттар", "техника жана жабдуулар", тазалоо стандарттары", "персоналдын өзгөчөлүктөрү жана командада иштөөсү", "мотивация", "иш шарттары", "коопсуздук" жана "камсыздандыруу" сыяктуу 80 суроого жооп алынган. Мейманкана бизнесинин кризиске даярдыгын өлчөөнү аныктоо үчүн дагы 3, 4 жана 5 жылдыздуу жыйырма эки мейманканада 2023 – жылдын октябрь – ноябрь айларында сурамжылоо жүргүзүлгөн. Албетте, талдоо көрсөткөндөй мейманканалардын Тазалоо кызматтары жана Антикризистик башкаруу чамгарагынын формасы дагы жогорудагы сүрөттө чагылдырылгандай телегейи тегиз, бир кылка болушу мүмкүн эмес. Сурамжылоого катышкан мейманкана жетекчилери, туризм жана мейманкана жаатында билим алган кызматкерлер тарабынан бөлүмдүн ички аудитин жүргүзүүсүнө абдан жөнөкөй жана ыңгайлуу ыкма болгонун баса белгилешкен.





**3.2 - сүрөт. Бишкектеги 4 жылдыздуу мейманканалардын Каттоо жана жайгаштыруу бөлүмүнүн ишинин чамгарагы**

Булак: автор тарабынан түзүлдү.

Бишкектеги мейманканалардын туристерди тейлөөдөгү жетишилген ийгилиги же кемчилиги ички жана сырткы факторлордун көз каранды болуп, анда мамлекеттин ролу чоң. Ушундан улам автор тарабынан борбор шаардагы

мейманкана бизнесин мамлекет тарабынан жөнгө салуу модели иштелип чыгып сунушталды (3.3 – сүрөт).

Моделде көрсөтүлгөндөй мейманканалар эң алгач Юстиция министрлигинде катталгандан соң Туризмди өнүктүрүү стратегиялык борборунун бирдиктүү терезесине кайрылышат. Борбор эң алгач Туризм департаментинен “туризм ишканасы статусун” алат жана Кыргызстандарттан ишкананын категориясын тактайт. Бул этаптар бүткөндөн кийин Улуттук статистика комитетине, Салык кызматына жана Соцфондго тийиштүү документтердин камдалышы үчүн талап билдирилет жана Туризмди өнүктүрүү фонду менен санэпидемиялык көзөмөлгө жаңы ачылган ишкана боюнча маалымат жиберет. Андан соң мейманкананы ачуу иштери эбактан берки келаткан системада жүргүзүлөт. Мисалы жарнама же территория тууралуу иштер үчүн Мэрия менен иштешишет, ал эми имаратты өзгөртүү боюнча Башкы архитектурага кайрылат. Ошондой эле өрт коопсуздугу жана коммуналдык чарба иштери боюнча тийиштүү документацияларды бүтүрүүсү шарт. Бул моделде тармактык ассоциациялардын дагы орду өзгөчө, себеби тармактык ассоциациялар күчтүү болгону ал тармактын көптөгөн көйгөйлөрүнүн тез арада чечилүүсү жана өндүрүмдөрүнүн сапатынын жогорулашы дегенди билдирет.




**3.3 - сүрөт. Бишкектеги мейманканаларды мамлекеттик уюштуруунун модели**

Булак: автор тарабынан түзүлдү

Бишкеке келген туристтердин ичинен шаар айланасындагы жаратылышы ажайып кооз тоо этектеринде, суу жээктериндеги түнөк жайларда эс алууну каалагандар улам барган сайын арбып жатат. Ушундай келип чыккан жагдайды эске алуу менен туризмди, анын ичинде мейманкана бизнесин мындан ары карай өнүктүрүү, чет өлкөлөрдөн келген туристтерди тейлөө, жергиликтүү калкты иш менен камсыз кылуу, тоо шартындагы рекреациялык ресурстар менен кеңири тааныштыруу максатында инвестициялык бизнес долбоору иштелип чыкты. Долбоордун курамынын уңгусун бозүй конушу, капсул жана микро отели түзөт.

Мындагы жайгаштырыла турган мейманкана түрлөрүнүн ар биринин эсеп-чоту даярдалып, өз-өзүнчө эсеби жасалды. Ал эми, пилоттук долбоор катары "Байтик" мейманкана комплекси Бишкек шаарынын чекесинде жайгашкан Байтик айылында курулат. Мейманкана бизнесинин инвестициялык мүнөздөмөлөрү төмөндөгү 3.2 – таблицада берилди.

**3.2 - таблица. "Байтик" мейманкана - комплексинин инвестициялык негизги мүнөздөмөлөрү**

| Аталышы | Миң сом |
|---|---|
| Маркетингдик инвестициялар (брендбук, көрнөк, жол көрсөткүч) | 50,0 |
| Микро-отель куруу сметасы | 1002,7 |
| Капсул мейманканасынын сметасы (6 капсул) | 240,0 |
| Дааратканa куруу сметасы | 530,5 |
| Душ куруу сметасы, | 597,5 |
| Идиш аяктар | 118,0 |
| Бөлмө жабдуулары жана каражаттары | 365,1 |
| Боз үй 65 баш *3 (толук жасалгасы ж-а жыгач жертаманы менен) | 690,0 |
| Боз үй 120 баш*1 (толук жасалгасы жана жыгач жертаманы м-н) | 300,0 |
| Бардыгы | 3893,7 |

Булак: автор тарабынан түзүлгөн

Жогорудагы таблицада көрсөтүлгөндөй мейманкана комплексин курууга 3893,7 миң сом талап кылынат. Жумшалуучу каражат учурдагы базар бааларынын нугунда эсептелип чыкты. Каражаттын жарымынан көбү микро отелди, капсул мейманканасын жана боз үйлөрдү жайгаштыруу үчүн жумшалат. Тартылуучу инвестициялардын акталуу мөөнөтү эки вариантта, 3.3 жана 3.4 - таблицаларда 5 жылга чейинки эсептери көрсөтүлгөн.

Төмөндө берилген таблицага ылайык жыл сайын орундарды толтуруу көлөмү 10%дык өлчөмдө эсептелинип, биринчи сезондо 20% эффективдүүлүк менен иштетилсе рентабелдүүлүгү 21,1% түзөт. Ал эми бешинчи сезонго келгенде орундарды толтуруу 80%га чейин жогорулап, рентабелдүүлүгү 79%га чыгат. Көрүнүп тургандай, орундардын толтурулуусу жыл сайын 10%га жогоруласа жумшалган инвестициялык каражаттар 3-сезондо акталат.

**3.3 - таблица. “Байтик” мейманкана комплексине жумшалуучу каражаттын акталуу мөөнөтү (жыл сайын 10% өсүүсүндө)**

| **1-вариант** | 1-сезон | 2 -сезон | 3 -сезон | 4 -сезон | 5-сезон |
|---|---|---|---|---|---|
| Толтурулуу пайызы | 20% | 30% | 40% | 50% | 80% |
| **Жылдык киреше** | **1932,0** | **2898,0** | **3864,0** | **4830,0** | **7728,0** |
| Туруктуу чыгым | 1491,2 | 1491,2 | 1491,2 | 1491,2 | 1491,2 |
| Өзгөрмө чыгым | 32,4 | 48,6 | 64,8 | 81,0 | 129,6 |
| **Таза киреше** | **408,4** | **1358,2** | **2308,0** | **3257,8** | **6107,2** |
| Ар бир мурунку жылдын таза киреше суммасы | 408,4 | 1766,7 | 4074,7 | 7332,6 | 13439,8 |
| Рентабелдүүлүк | 21,1% | 46,9% | 59,7% | 67,4% | 79% |

Булак: автор тарабынан түзүлдү

Ал эми төмөндөгү таблицада жыл бою бирдей көлөмдө конокторду кабыл алган ишкананын инвестицияларынын акталышы дагы эсептелинген. Көрүнүп тургандай бул бизнестин рентабелдүүлүгү пессимистик эсеп менен алынганда 21,1%дан төмөн болбойт жана 10 - сезондун ичинде өзүн өзү актайт, Эгерде дароо эле 80%га чейин орундардын толтурулуусу менен иштей баштаса, анда инвестициялык каражат 4 айда (0,6 сезон) акталат.

**3.4 - таблица. “Байтик” мейманкана комплексине жумшалуучу каражаттын акталуу мөөнөтү (ар дайым бирдей толтурулуу пайызда иштеген учурда)**

| **2-вариант** | 20% | 30% | 40% | 50% | 80% | 100% |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Жылдык киреше** | **1932,0** | **2898,0** | **3864,0** | **4830,0** | **7728,0** | **9660,0** |
| Туруктуу чыгымдар | 1491,2 | 1491,2 | 1491,2 | 1491,2 | 1491,2 | 1491,2 |
| Өзгөрмө чыгымдар | 32,4 | 48,6 | 64,8 | 81,0 | 129,6 | 162,0 |
| **Таза киреше** | **408,4** | **1358,2** | **2308,0** | **3257,8** | **6107,2** | **8006,8** |
| Сезондун ар бир айында түшкөн таза киреше | 58,3 | 194,0 | 329,7 | 465,4 | 872,5 | 1143,8 |
| Долбоордун акталышы ай менен | 66,7 | 20,1 | 11,8 | 8,4 | 4,5 | 3,4 |
| Орточо эсеп менен акталуу мөөнөтү (ROI) | 9,5 сезон | 2,9 сезон | 1,7 сезон | 1,2 сезон | 0,6 сезон | 0,5 сезон |
| Рентабелдүүлүгү | 21,1% | 46,9% | 59,7% | 67,4% | 79% | 82,9% |

Булак: автор тарабынан түзүлдү

“Байтик” мейманкана комплексинин персоналынын пландоосу холократия системасында жүргүзүлүп, үч позиция боюнча гана персонал алынат (3.4 - сүрөт).




**3.4 - сүрөт. "Байтик" мейманкана комплексинин холократия башкаруу системасынын уюштуруу түзүмү**

Булак: автор тарабынан түзүлдү

Байтик мейманкана комплексинде этно туристтик багытты өнүктүрүүнү жана келген туристтерге маданий баалуулуктарды таратып, тажрыйба алуусун камсыз кылуу [Атышов К. А. Традиции народов в анимационных программах в гостиничных предприятиях как фактор развития туризма и укрепления межкультурных связей [Текст] / К. А. Атышов, К. Т. Асанова // Традиционные спортивные игры тюркских народов: сб. материалов XII межд. симп. – Бишкек, 2023. - С. 179-187] үчүн 2 жумалык этно-анимациялык программасы иштелип чыгып, төмөндө берилген 3.5-таблицада бир жумалык үлгүсү чагылдырылган.

**3.5-таблица. Бир жумалык этно - анимациялык программа**

| Күн / саат | Оюн зоок | Көргөзмө / жарманке, мастер класс (МК) | Кыргыз даамы, мастер классы | Кечки сайрандоо |
|---|---|---|---|---|
| | 11:00-11:30 | 14:30-15:30 | 16:00-17:00 | 21:00-23:30 |
| 1 | Жаа атуу | Туш кийиз МК "Курак" | Каттама, самоор чай | Ак чөлмөк |
| 2 | Упай топтомой | Зергерчилик МК "Чачпак" | Май токоч, кымыз | Ыр кесе |
| 3 | Кол күрөш | Жылкы МК "Камчы" | Курут, шербет | Күүлөр |
| 4 | Ордо | Шырдак МК "Оймо" | Быжы, максым | Кара жорго |
| 5 | Тогуз коргоол | Аң улоо МК "Томого" | Боорсок, сүт чай | Төкмө акын |
| 6 | Орто топ | Боз үй МК Uni Yurt | Калама, курма чай | Күүлөр |
| 7 | Таяк тартыш | Сүрөт МК Сөөк санаты | Бешбармак, ак серке | Селкинчек |

Булак: автор тарабынан түзүлдү.

Көрүнүп тургандай мындай түзүлгөн программа өз кезегинде туристтерди кыргыздын оюн - зоокторуу, улуттук ашканасы, сүрөт искусствосу, акындары, манасчылары, музыкалык аспаптары, күүлөрү, ыр – бийлери, кол өнөрчүлүгү, ошондой эле аң улоо салты жана саяпкерчилик өнөрү менен кеңири ортоктош болууга мүмкүнчүлүк түзөт. Эң башкысы иштелип чыккан этно - анимациялык программа келген туристтерди улуттук баалулуктарды көрүү менен тим болбостон,

эң ириде алардын нукура чөйрөдө конуп-түнөп, улуттук жасалгаларды ж.б. жасоого арлашып үйрөнүүгө, толугу менен улуттук маданиятка сүңгүп кирүү аркылуу тажрыйба алууга дагы мүмкүнчүлүк түзүлөт.

## КОРУТУНДУ

1. Туризмдин мейманкана сектору заманбап бизнестин негизги компоненттеринин бири болуп саналат, айрыкча бизнес, саясий жана илимий өз ара аракеттенүүнүн чектерин кеңейтүү, ошондой эле спортту, туризмди өнүктүрүү жана жашоонун сапатын жакшыртуу жаатында олуттуу орунду ээлейт. Бул сегмент, улуттук жана дүйнөлүк деңгээлде туруктуу киреше менен камсыз кылууга жөндөмдүүлүгү менен айырмаланат. Учурда дүйнө боюнча туризмге жумшалуучу каражаттардын 30% мейманканаларга жумшалууда. Ушундан улам мейманканалардын иштешинин натыйжалуулугун жогорулатуу жаатында эл аралык тажрыйба иликтенип, уюштуруу өзгөчөлүктөрү, башкаруу меттоддору менен стильдери иликтенди.
2. Мейманканаларда көрсөтүлгөн тейлөө сапатынын туруктуулугу менен сапаттуулугу тиешелүү ишкананын даражасына карата ылайыкталып иштелип чыккан стандарттары менен тыгыз байланыштуу экедиги аныкталды. Заманбап мейманкана бизнесиндеги стандарттар менен жиктөө системалары ар тараптуу талдалып, адам капиталынын ээлеген орду ачык көрсөтүлүп, коопсуздукка жана ишенимдүүлүккө байланыштуу көйгөйлөр иликтенди.
3. Кыргызстан эгемендүүлүгүн алгандан бери орточо эсеп менен жылына 44 жаңы мейманкана курулуп ишке берилген. Булардын басымдуусу жана ирилери Бишкек шаарында жайгашкандыгы аныкталды. Улам барган сайын атаандаштыктын күч алып жаткан чөйрөсүндө, мейманканаларды туруктуу өнүктүрүү жана натыйжалуулугун арттыруу үчүн эң алды менен тейлөө сапатын стандартташтыруу, ошондой эле туруктуу өнүгүү концепциясына негизделген ишканалардын санын көбөйтүүнүн зарылчылыгы келип чыккандыгы аныкталды.
4. Бишкек шаарынын мейманканаларынын сандык, ошондой эле сапаттык көрсөткүчтөр жагынан иликтөөлөр жүргүзүлүп, жыйынтыгында тейлөөгө карата бир катар сунуштар тизмектелип көрсөтүлдү. Мында ошондой учурдагы Бишкек шаарынын аянтынын кеңейиши жана ага жакын жайгашкан тоо этегиндеги жерлердеги туристтик рекреациялык ресурстук потенциал кеңири иликтенип, туристтик өндүрүмдөрү талдалып чыкты.
5. Иликтөө көрсөткөндөй, Кыргызстанда конок үйлөр менен мейманканалар акыркы 5 жылдын ичинде 4% га, ал эми Бишкекте мейманканалар 8,2%, конок үйлөр 2020 – жылы эч өсүү болбогонуна карабастан 9,6% га өскөн. Экономикалык-математикалык ыкманын негизинде иштелип чыккан эсептөөлөр боюнча 2030-жылга чейин Бишкек шаарынын мейманкана секторунда өсүү улана тургандыгы аныкталды. Тагыраак айтканда жылына 9 жаңы мейманкана ишке берилип, конок

үйлөрүнүн саны  орточо эсеп менен 18 ишканага көбөйөт. Мындан тышкары шаардын тоо этектериндеги жерлерге келген туристтерди жана шаардыктарды тейлей турган, заманбаптын талабына шайкеш келгидей чакан комплекстерди дагы куруу каралууда.

6. Мейманкана комплексинде айыгышкан атаандаштыктын шартында жаңы кошумча кызматтарды түзүү анын өнүгүүсүнүн прогрессивдүү багытын көрсөтөт. Ошол эле учурда, практика көрсөткөндөй, жаңы мейманканадагы тейлөөлөрдү түзүү жана ишке чегерүү процесси көптөгөн факторлордун анализин камтып, аны ишке ашыруу үчүн белгилүү бир иликтөөлөрдү талап кылат. Ушундай жагдайды эске алуу менен мейманкананын өнүгүүсүндөгү негизги активдер жана ишкананын ийгилигине оң таасир көрсөтүүчү факторлор аныкталып, анын натыйжалуулугун жогорулатуу максатында “Тең салмактуулук чамгарагы” аталыштагы ыкма иштелип чыкты.

7. Бай тажрыйба көрсөткөндой чакан мейманкана бизнесинин өсүү динамикасы ири мейманканалардыкына караганда учурда кыйла жогору экендиги белгилүү. Ушундай алгылыктуу жагдайды эске алуу менен Бишкектин четинде иштетүүгө ыңгайлуу болгудай чакан “Байтик” мейманкана комплексинин долбоору иштелип чыкты. Долбоор капсул жана микро отелди, ошондой эле боз үй конушунан турган мейманкана комплексинин инвестициялык планын камтыйт. Буларга жумшалган каражаттардын актоо мөөнөтү пессимисттик, реалдуу жана оптимисттик жактан саналып чыкты. Бизнес долбоордун алкагында “холократия” уюштуруу түзүмү сунушталып, ишкананын маанисин жогорулатуу үчүн улуттук баалуулуктар негизги туристтик өндүрүмдүн негизи катары “этно - анимациялык программа” даярдалды.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Мейманканаларды башкарууну жакшыртуу жаатында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжасында төмөндөй практикалык сунуштар иштелип чыгып сунушталды:

– илимий жактан Бишкекте жайгашкан мейманкана секторунун абалы кеңири изилделип, шаардын тегерегинде жайгашкан жаратылыш жана туристтик объекттери илимий – теориялык жактан комплекстүү талдоодон өткөргөн материалдарды мамлекеттик органдар тарабынан Бишкек шаарынын туризмин өнүктүрүүнү жогорулатуу үчүн стартегиялык пландоодо, мамлекеттик программаларды түзүүдө, ошондой эле жергиликтүү туристтик агенттиктер жаңы туристтик продуктуларын калыптандырууда колдонуу сунушталат;

– Бишкек шаарында мейманканаларга караганда конок үйлөрүнүн өсүшү акыркы жылдары 2 эсе жогору болгонун, андыктан бул багытта атаандаштыктын туруктуу калыптангандыгы катары кароого болот. Мейманкана бизнесинин бул түрүндөгү тейлөө сапаты менен жиктелишине тышкы, ошондой эле ички түрдүү

факторлордун тийгизип жаткан таасирин толук эске алуу менен өкмөт иштиктүү программа кабыл алуусу талапка ылайык келет;

– Бишкекте туристтерди кабыл алууга карата потенциалдык мүмкүнчүлүгү жетишерлик болгону менен келген чет өлкөлүк туристтерге шаардын тоо этектериндеги учур талабына толук жооп бергидей туристтик комплекстер азырынча жокко эсе. Андыктан шаардын аймагына киргизилип жаткан жерлерде чакан конок үй комлекстерин курууга чет өлкөлүк жана жергиликтүү инвестицияларды көбүрөөк тартуу зарыл. Бул илимий иште сунушталып жаткан мейманкана бизнесинин долбоору заманбап талаптарга толугу менен жооп берип, учурда популярдуу болгон мейманкана бизнесинин үч түрүн камтып, жергиликтүү жана чет элдик инвестицияларды тартууда колдонулушу сунушталат. Ошондой эле мындай комплексти республиканын элет жерлеринде куруу өз кезегинде туристерди тартууга, кирешени арбын табууга, салыкты чогултууга мүмкүнчүлүк түзөт.

– дүйнө жүзүндө “туризм салыгы” категориясында салыктар жылдан жылга көбөйгөнүн эске алуу менен бирге Кыргыз Республикасында салыктын бул түрүн киргизүү сунушталат. Туризм салыгы бир жолку төлөм формасында бардык транспорттук каражаттарынын билеттерине кошулуп же өлкөгө кириш акысы катары чогултулушу мүмкүн, ошондой эле мейманканада түнөгөн ар бир түн үчүн алынышы ыктымал.

– Мисалы 2023 – жылы Бишкек боюнча 324,0, өлкө боюнча 640,7 миң суткалык орун көрсөтүлгөнүн эске алсак, ар бир бир түн үчүн 100 сомдон салык алынган учурда борбор шаардан 32,4 млн., ал эми Кыргыз Республикасы боюнча 64,1 млн. сом мамлекеттин бюджетине түшмөк. Мындай кошумча киреше булагы мамлекет тарабынан эске алынып, тийиштүү иштердин жүргүзүлүшү сунушталат.

– мейманканалардын бөлүмдөрүнүн ички аудитин оңой жана тез жүргүзүү үчүн бул илимий иште иштелип чыккан “Тең салмактуулук чамгарак” методунун колдонулушу сунушталат. Анын натыйжасында ишканалар бөлүмдөрүнүн натыйжалуулугун жана чабал жактарын так аныктай алып, аларды кыска мөөнөттүн ичинде оңдой алышат.

– Бишкек шаарынын, ошондой эле республикада ишмердигин жүргүзгөн чакан мейманкана бизнеси “Холократия” башкаруу түзүмүнө өтүүсү сунушталат. Себеби, бул түр түзүмдө ишмердигин жүргүзгөн ишканалардын натыйжалуулугу жогору болгондугунан улам конокторунун лоялдуулугунун көрсөткүчтөрү дагы жогорулайт. Ал өз кезегинде ишкананын жалпы кирешесине оң таасирин тийгизет.

– Бишкек шаарынын мейманкана бизнесинде туруктуу өнүгүү принциптери алкагында иш алып баруусу үчүн жетекчилердин тийиштүү билимге ээ болуусу жана тийиштүү документациялар менен талаптардын калыптандырылышы керек. Андыктан КАТО ассоциациясынын алкагында “Отельерлер мектебин” ачуу жана «Кыргызстандагы мейманканалардын эко сертификация модели” долбоорунун

алкагында сунушталган эко-энбелгисин мамлекеттик деңгээлде кабыл алып, мейманканаларды улуттук сертификациядан өткөрүү сунушталат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ


1. **Asanova, K. T.** Kırgızistan turizminin geliştirilmesinde marka ve imaj algısının önemi [Text] / F. Şenol. K. Asanova // Вестник БГУ. - 2014. - №2 (32). – S. 328 – 333. Access mode: https://www.researchgate.net/publication/378609868
2. **Asanova, K. T.** Konaklama işletmeleri için tasarımın önemi: Kırgızistan - Bişkek otellerinde bir araştırma [Text] / F. Şenol, K. Asanova, Ş. Şenol // Вестник БГУ. - 2015. - №4 (30). – S. 267 – 271. Access mode: https://www.researchgate.net/publication/378610642
3. **Asanova, K. T.** The profile of human resources in hotel establishments: a research in Issyk-Kul and Osh regions of Kyrgyzstan [Text] / B. Erdem, K. Asanova // Вестник КЭУ. – 2016. - № 3 (37). – P. 257-262. Access mode: https://elibrary.ru/item.asp?id=28342632
4. **Asanova, K. T.** Working With Whatsapp: A Case Study Of Its Use In Crosscultural Education Focusing On Tourism And Leadership [Text] / C. Deale, K. Asanova // Bishkek: Reforma, 2018. - No:1 (77), - P. 48-54. Access mode: https://dergipark.org.tr/en/pub/reforma/issue/40378/482987
5. **Asanova, K. T.** An assessment of eco hotel practices and green marketing perceptions: An eco-labelling model proposal for hotels in Kyrgyzstan [Text] / M. M. Kizanlikli, N. K. Margazieva, K. T. Asanova, İ. Gündoğdu // Journal of Cleaner Production. – 2023. – T. 420. (138438) – P. 1 - 12. Access mode: https://www.sciencedirect.com/science/article/abs/pii/S0959652623025969
6. **Асанова, К. Т.** Бишкек шаарынын 4 жана 5 жылдыз мейманканаалардын өнүгүү тенденциясы жана сунган кызматтары [Текст] / К. А. Атышов, К. Т. Асанова // Вестник КЭУ. – Бишкек, 2024. - № 1 (62). - С. 98-101. Кирүү режими: https://www.researchgate.net/publication/378907163
7. **Асанова, К. Т.** Бишкек шаарынын мейманкана бизнесинин өнүгүүсүнүн божомолу [Текст] / К. Т. Асанова, Ж. Ганиев, А. В. Бабосюк // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2024. - №1 (февраль). – 172-176-б. DOI:10.26104/IVK.2023.45.557 Кирүү режими: https://www.researchgate.net/publication/383753491

**Асанова Кымбат Туратбековнанын 08.00.05 – тармактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн «Бишкек шаарындагы мейманкана бизнесин башкарууну жакшыртуу» темасындагы диссертациясынын**

# РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** мейманкана, башкаруу, натыйжалуулук, бизнес долбоор, капсул мейманкана, микро отель, боз үй, божомол, теңсалмактуулук чамгарагы, холократия, стандарт, Бишкектин туристтик ресурстары, этно - анимациялык программа, бизнес долбоор.

**Изилдөөнүн объектиси**: Бишкек шаарынын мейманкана бизнеси.

**Изилдөөнүн предмети:** Бишкек шаарынын мейманкана бизнесинин өнүгүү тенденциялары, башкаруусун жакшыртуу.

**Изилдөөнүн максаты:** Бишкектин мейманкана рыногун өнүктүрүү, алардын натыйжалуулугун жогорулатуу, башкаруу процесстерин жөнгө салуу жана келечектүү багыттарын экономикалык нукта негиздүү иштеп чыгуу менен теориялык-методикалык жактан, ошондой эле практикалык сунуштарды даярдоо.

**Изилдөөнүн методдору:** системалык, салыштырмалуу, сурамжылоо, эксперттик баа берүү жана экономика-математикалык.

**Алынган жыйынтыктар жана алардын жаңылыгы:** Бишкектин мейманкана сектору талданып тенденциялары аныкталды жана 2030 – жылга чейин божомолу жасалды, туристтик ресурстар иликтенип тур продукттар сунушталды, холократия башкаруу түзүмү мейманканалар үчүн иштелип чыкты, мейманкана бизнесин мамлекеттик жөнгө салуу жаатында модель иштелип чыкты, улуттук баалуулуктарды негиз алган этно – анимациялык программа иштелип чыкты жана “Байтик” мейманкана комплексинин бизнес долбоору сунушталды.

**Колдонуу даражасы:** мейманкана бизнесинин башкаруусун жакшыртууда, КТМУ Туризм факультетинин лекцияларында, “Кыргызстандагы мейманкана ишканаларын жиктөө модели” жана “Кыргызстандагы мейманканалардын эко сертификация модели” монографияларын жазууда, ошондой эле “Хаускипинг: башкаруу жана уюштуруу” окуу куралын басып чыгарууда колдонулган.

**Колдонуу чөйрөсү:** изилдөөнүн материалдары мейманкана секторун өнүктүрүү жана сапатын жакшыртууга багытталган мамлекеттик стратегиялык программалары менен саясатын иштеп чыгууда, мейманканалардын натыйжалуулугун баалоодо, өнүгүү концепциясын даярдоодо жана жаңы өндүрүм иштеп чыгууда, “Ишкердиктин негиздери”, “Меймандостук индустриясында сапат менеджменти”, “Мейманкана бизнесинде кризис менеджмент”, “Мейманканаларды башкаруу”, “Меймандостук индустрия маркетинги”, “Туруктуу туризм”, “Рекреация” дисциплиналарынын лекцияларын даярдоодо, бизнес долбоорлорду даярдоодоо, жергиликтүү жана чет элдик инвестицияларды тартууда пайдаланышы ыктымал.

**РЕЗЮМЕ**

**Диссертации Асановой Кымбат Туратбековны на тему: "Совершенствование управления гостиничным бизнесом города Бишкек", представленной на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.05 – отраслевая экономика.**


**Ключевые слова:** гостиница, управление, эффективность, бизнес-проект, капсульный отель, микро отель, колесо баланса, прогноз, холократия, стандарт, туристические ресурсы Бишкека, этно - анимационная программа.

**Объект исследования:** гостиничный бизнес Бишкека.

**Предмет исследования:** тенденции развития гостиничного бизнеса в Бишкеке и совершенствование управления.

**Цель исследования:** Развитие гостиничного рынка Бишкека и повышение их эффективности, регулирование процессов управления и подготовка теоретико-методических, обоснованных с экономической точки зрения рекомендаций по перспективными направлениям.

**Методы исследования:** экономические, сравнительные, систематические, обзорные, экспертно-оценочные и математические методы.

**Полученные результаты и их новизна:** Проанализирован гостиничный сектор Бишкека и сделан прогноз до 2030 года, изучены туристические ресурсы и предложены тур продукты, разработана структура управления гостиниц по системе холократия, разработана модель государственного регулирования гостиничного бизнеса, разработана этно – анимационная программа основанная на национальных ценностях, а также разработан бизнес-проект гостиничного комплекса "Байтик".

**Степень использования:** на лекциях факультета туризма КГМУ, при написании монографий "Модель классификации гостиниц в Кыргызстане" и "Модель эко сертификации гостиниц в Кыргызстане", а также при издании учебника "Хаускипинг: управление и организация", также на консультациях и тренингах руководителей и персонала гостиничного сектора республики.

**Область применения:** материалы исследования могут быть использованы при разработке государственных стратегических программ и политики, направленных на развитие и улучшение качества гостиничного сектора, разработке новых продуктов, оценке эффективности гостиниц, при подготовке лекций "Основы предпринимательства", "Управление качеством в индустрии гостеприимства", "Кризис менеджмент в гостиничном бизнесе", "Управление гостиницами", "Маркетинг индустрии гостеприимства", "Устойчивый туризм", "Рекреация", а также бизнес-проектов и привлечении местных и иностранных инвестиций.

**SUMMARY**

**dissertation of Asanova Kymbat Turatbekovna on the topic «Improvement hotel business management in Bishkek», submitted to the competition for the degree of candidate of economic sciences in the speciality 08.00.05 – sectoral economics**

**Keywords:** hotel, management, efficiency, business project, capsule hotel, micro-hotel, balance wheel, forecast, holocracy, standard, Bishkek tourist resources, ethno - animation program.

**Object of research:** Bishkek hotel business.

**Subject of research:** development trends of the hotel business in Bishkek and management improvement.

**Purpose of the study:** Development of the hotel market in Bishkek and increasing their efficiency, regulation of management processes and preparation of theoretical and methodological, economically sound recommendations on promising areas.

**Research methods:** economic, comparative, systematic, review, expert evaluation and mathematical methods.

**The results obtained and their novelty:** The hotel sector of Bishkek was analyzed and prepeared forecast until 2030, tourism resources were studied and proposed tour products, a hotel management structure was developed according to the holocracy system, developed a state regulation model of the hotel business, developed an ethno-animation program which based on national values, prepared business project "Baytik".

**Degree of application:** at lectures of Tourism Faculty - KTMU, were used in the publication of monographs "Model of classification of hotel enterprises in Kyrgyzstan", "Model of eco-certification hotels of Kyrgyzstan" and the study guide "Housekeeping management and organization".

**Fiels of application:** the research materials can be used in the development of state strategic programs and policies aimed at improving the quality of the hotel sector, preparing a development concept and developing a new tour product, evaluation the efficiency of hotels, on the lectures "Fundamentals of entrepreneurship", "Quality management in the hospitality industry", "Crisis management in the hotel industry", "Hotel Management", "Marketing of the hospitality industry", "Sustainable tourism", "Recreation", during the preparation of business projects for attracting local and foreign investments.

Форматы 60x84 1/16
Офсет кагазы ариби «Times». 1,75 басма табак.
Офсет ыкма менен. Нускасы 100

“М.Рыскулбеков атындагы КЭУ” Басмаканасы